***Оморов Ш.Д.***
***Ошский Государственный Университет***

# МЭЭРИМ - ПЕДАГОГИКАНЫН БАШКЫ КЫЙМЫЛДАТКЫЧ КҮЧҮ

# БЛАГОСКЛОННОСТЬ – ГЛАВНАЯ ДВИЖУЩАЯ СИЛА ПЕДАГОГИКИ

***Аннотация:*** *Бул макалада атактуу акылман Калыгул жөнүндө учкай сөз айтылып кеткен. Ошол ойлорду улап педагогикада жашап жүргөн "Мугалими күндөй тийсе чачырап, окуучусу гүл сыяктуу бажырайып ачылат" деген учкул сөз акыйкат айтылган ой. И. Бекбоев да мына ушундай элдик акылман педагогиканын руханий сабактарын боюна сиңирген жана анын нугунда ойлонгон парасаттуу инсан экендиги айтылган.*

***Аннотация:*** *В этой статье говорилось об известной мыслителя мудреце Калыгул. В педагогике по сей день продолжает жить крылатое выражение и истинно сказанное идея" Учитель – как солнце сияет, ученик – как цветок процветает" а также говорилось о выдающиеся личности И. Бекбоева, который продолжает те идеи, мысли впитывает в своей организм духовные уроки педагогики и размышляет в ее русле.*

***Аннотация:*** *In this article, I spoke of isvestnoy sage Kalygul thinker. In teaching to this day continues to live a popular expression and said the truth: the idea of "teacher - as the sun shines, the student - like flower flourishes" and talked about the outstanding personality I. Bekboeva that keeps the ideas, thoughts, their body absorbs the spiritual lessons of pedagogy and It reflects in its way.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Гумманист, парасаттуу инсан, субъект, объект, реализациялоо, прагматика, концепция, реформа.*

***Ключевые слова:*** *Гумманист, выдающиеся личность, субъект, объект, реализация, прагматик, концепция, реформа,*

***Key words:*** *Gummanist, outstanding personality, a subject, an object implementation, pragmatics, the concept of reform.*

XIX кылымдагы атактуу акылман - олуя Калыгул Бай уулунун гуманисттик даанышмандыгы киши баласынын жаратылышы зилинде мээримге муктаж экендигин, мээрим төгүп мамиле жасагандан улам анын ичиндеги "муз" эрип, ич дүйнөсү жумшарып, көңүлүнө жаз келип, жүрөгү жибий баштарын, а түгүл адам эмес, жыланды да ташка албастан сылык-сыпаа мамиле жасап, ак чачса чакпай акырын жылып жолуна түшөөрүн, турмушта кылыч кармаган катаалдыкка, орой өкүмдүккө, төбөгө камчы ойноткон залимдикке караганда, колунда "куралы жок" жанагындай рух жоомарттыгы алда канча артык экендигин терең туюнган. Калыгул мына ушундай гуманисттик ынанымын, көз караштык дөөлөтүн төмөндөгүдөй деп жарыялап турат: *"Орой айтсаң адамга жукпайт, орой сөздү киши укпайт. Сылык-сыпаа сөз жетет, ал мээге эмес, жүлүнгө кетет. Түшүндүрүп жай айтсаң, уялып, ыраазы болуп кетет".* Калыгулдун ишениминде оройлукту - назиктик, сылыктык; ачууну – токтоолук, сабырдуулук; жек көрүүнү - мээрим менен сүйүү жеңет. Мугалим-тарбиячы тарбияланууучу менен алака-мамиле кылганда жетекчиликке ала турган гуманисттик усул. Кыргыз даанышмандыгы мына ушинтип, осол, орой, өкүм сөз баланы мугалимден жатыркатаарын, тескерисинче тарбияланууучунун каршылыгын жаратаарын, бала жаратылышынан жанагындай мээримге кардар экендигин, таш ыргытпай, "кыш бербей", "ыш бербей", сылык-сыпаа кеп менен ызааттап мамиле жасаганында гана шакирттин бою жазылып, көңүлү чалкып, дүйнөсү эргип, үгүттөп жаткан идеяларың кулагына кирерин, боюна сиңип, мээсине, жүлүнүнө жетээрин айтып турат.

Педагогикада жашап жүргөн "Мугалими күндөй тийсе чачырап, окуучусу гүл сыяктуу бажырайып ачылат" деген учкул сөз акыйкат айтылган ой. Исак Бекбоев да мына ушундай элдик акылман педагогиканын руханий сабактарын боюна сиңирген жана анын нугунда ойлонгон парасаттуу инсан. **"Мээрим - педагогиканын башкы кыймылдаткыч күчү",** - дейт И.Бекбоев. Ушул бир эле кыска айтылган сүйлөмдүн ары жагында эмне деген терең маани бугуп жатат. Бул сүйлөмдүн маанисин чечмелеп, том, том китеп жазууга болор эле. Ушул улуу маанини камтыган терең ой И.Бекбоевдин Калыгулдун рух салтын улаган урпак экендигин ачык-айкын көрсөтүп турат. Чынында эле, мугалимде эгер мээрим жок болсо, анын билимдүүлүгүнүн да педагогикада баасы болбойт.

И.Бекбоев өзүнүн жанагы "Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар" китебинде мындай бир орчундуу мисалды келтирет: *"Мектепте болгон мындай бир учурду карап көрөлү: класстагы бир окуучу эрежеге анча моюн сунбаган хулиган чалыш, тартипсиз бала. Ошол класска жаш мугалим кыз сабак берүүгө дайындалды. Жаш мугалимге мындай деп эскертишти: "класста бир бала бар, ага жөн эле көңүл бурбай коюу керек". Жаш мугалим класска кирсе, баягы бала жылаңайлак буту менен комуздарды тепкилеп ойноп жатыптыр. Тажрыйбасыз жаш мугалим эмне кылды дейсиң? Мугалим баланын жүзүнө карап,*

*анын бактысыз, жалгызсыраган, эч кимден жардам күтпөгөн, эч ким ага боору оорубаган, аянычтуу кичинекей адам экенин жүрөгү менен сезип, жанына басып келип башынан сылап: "сен ордуңа олтура бер, бирок менин ишиме тоскоолдук кылбасаң эле болду", - деп өтүндү. Мугалимдин эркелеткен мамилеси баланы өзүнө аябай багындырып, бала үчүн ал жөн эле сүйгөн педагог болуп гана калбастан чоң авторитетке жетишкен. Ошондон кийин бала мугалимдин айткандарын сөзсүз аткаруучу болгон".* Исак Бекбоев ушул мисал менен өзүнүн педагогдук, гуманисттик позициясын ачык демонстрациялап, ырасында эле жогорудагы: **"Мээрим – педагогиканын башкы кыймылдаткыч күчү"** , - аттуу үлкөн идеясынын жана Калыгул даанышмандын эмелеки "жек көрүүнү - мээрим менен сүйүү жеңет" деген философиясынын акыйкаттыгын далилдеп отурат. "Мээрим - педагогиканын башкы кыймылдаткыч күчү" деген ичине тоодой маңызды камтыган көз карашка Исак Бекбоевдин бардык педагогикалык эмгектери сугарылган.

А.Н.Леонтьев, Л.В.Занков жана И.Бекбоев *"Эгер бала мектепке окуп билим алуу үчүн эмес, жөн эле убакыт өткөрүү үчүн барып жүрсө, анын окуусунда жалгыз мугалим гана активдүү роль ойнойт да, ал өзү эч бир роль ойной албайт деп эсептесе, жөн эле сабакка келип тынч отуруп, мугалимдин айткандарын угуп, кайра аны кайталап айтып бергендиги жетиштүү деп ойлосо, анда бул өзүнчө эле балээ",* - деп жазат И.Бекбоев. Илимпоздун жазгандарына андан ары үңүлсөк, мындай абал мектептеги баланы ойлондурбаган окутуудан келип чыгат. Окуучунун ката кетиргени эч нерсе эмес, ойлонбогону жаман дейт окумуштуунун логикасы. Исак Бекбоевдин бул өңдүү ойлору дидактикадагы өнүктүрүүчү окутуу теориясынын практикага кириш зарылдыгын каңкуулап тургандыгын байкоо кыйын эмес.

Өнүктүрүүчү окутуунун концепциясынын С.Л.Рубнштейн, Л.С.Выготский, А.Н.Леонтьев, В.В.Давыдов, Л.В.Занков сыяктуу окумуштуулардын иштеп чыгышкандыгына бир кыйла болуп калгандыгы белгилүү. Окутуу баланын өнүгүүсүн алдыга карай локомотив сыяктуу сүйрөп жүрүшү керек деген идея бул теориянын чордону болуп саналат. Окуу процессинде баланын инсаны өнүгүш керек. Ал эми өнүгүү деген нерсе ишмердиксиз мүмкүн эмес. Мындан улам педагогикада "окутууга инсанчыл-ишмерчил мамиле" (личностно-деятельностный подход к обучению) деген принцип келип чыккан. Бул аталган принциптин башкы маңызы баланын өзүнүн эмгекмээнетине, ишмердигине жана ал ишмердикти уюштурууга негизги басымды койгондугунда, окуучунун өз тажырыйбасы аркылуу чындыкка ынанышын камсыз кылууну көздөгөндүгүндө, мугалимдин күч-аракети менен окуучунун күч-аракети биригип, жуурулушуп каалаган натыйжаны алууга багытталышына жетишүүгө күч үрөгөндүгүндө, педагогдун монологунун үстөмдүгүнө эмес, диалогиялык маданияттын орун-очок алышына, субъект-объект (мугалим – субъект, бала - объект) карым-катышы эмес, субъект менен объекттин мамилесинин (мугалим менен окуучунун партнердук кызматташтыгы) өкүм сүрүшүнө умтулгандыгында. Окутуунун ушул багытынын Кыргызстандагы жактоочусу, жолдоочусу жана өзүнүн эмгектери менен анын байытуучусу кайра эле ушул И.Бекбоев болуп отурат.

*"Бала күчтүү, таасирдүү сезимдерди каалайт. Ага бардыгы кызык. Кичинекей кезинде ал жөрмөлөгөндү, секиргенди, оюнчуктарды бузуп-жарып кайта жыйнаганды, ойногонду жакшы көрөт. Чоңое түшкөндө ал ишинин натыйжасын досторуна көрсөтүп, ата-энесине мактангысы келет. Бала "Кантип?", "Эмне үчүн?", "Эмнеге?" деген сыяктуу суроолорду берүүнү каалайт. Ар нерсеге кызыгуучулук сезими бул - баланын жаратылышындагы табигый көрүнүш",* - деп жазат окумуштуу. И.Бекбоевдин ою боюнча окуучуну өнүктүрүүнү көздөгөн инсанчыл-ишмерчил принцип баланын жогорудагыдай тынчы жок ынтызарлуу жаратылышына ылайык келет. Ылайык келмек турсун баланын табияты буга муктаж. *"Мугалимдин башкы жумушу окуучуларды текшерип-тескөө эмес, аларга акыл-насыят айтып үгүттөө да эмес, талаптуулук да эмес, аларга өз алдынча ой жүгүртүп аракеттенүүгө жардам берүү гана экендигин жакшы түшүнүп, ошого көнүгүүсү зарыл. Педагог окуучунун өз алдынча эмгектенүүчүлүгүн стимулдаштыра турган кырдаалдарды түзүп, предметти өз бетинче түшүнүп, өзүнүн ой-пикирлерин иштеп чыгып, өз алдынча корутунду чыгарууга жетишип, чыгармачыл демилгелүүлүктү көрсөтүшүн биринчи орунга коюшу зарыл"* (И.Бекбоев).

Окутууга инсанчыл-ишмерчил мамиле И.Бекбоевдин ою боюнча окуучунун чындыкты табууга маселенин өзөгүн табууга өзүнүн субъективдүү күч-аракети, өзүнүн жекече жолу (собственный путь) менен келишинин, өзүн-өзү жаратылышынын, түзүшүнүн, өзүн-өзү реализациялоосунун куралы. Мындай теориянын практикада ишке ашырылышы окуу-тарбия ишинде чоң, чоң жемиштерди берерине терең ишенген жана анын турмушка жайылышы үчүн өзүнүн кужүрмөн окумуштуулук эмгегин жумшап жаткан Исак Бекбоев.

Бизде өзүнүн буту басып турган жергиликтүү чөйрөнүн муктаждыктары, талап-милдеттери, улуттук кыртыштын өзгөчөлүктөрү менен иши

жок, мурдатан чет жактарга түздөнүп көнгөн адат боюнча башка өлкөлөрдүн окуу-нормативдик материалдарындагы даяр жоболорду перефразалап, айрыкча, Россиянын китеп-журналдарындагы тексттерди ээрчип жазып, республиканын конкреттүү шарттарынан тышкары абстракттуу ой жүгүрткөн илим кызматкерлери аз эмес. И.Бекбоев дүйнөлүк алдыңкы илимий акыл-ойдон таалим алса да, жогоруда көрүнгөндөй, өз алдынча автономдуу ой жүгүрткөн окумуштуу. Ал жалпылык менен жекеликтин диалектикасы жөнүндө дайыма ойлонуп, жалпы илимий методологиянын "прожектору" менен жергиликтүү чөлкөмдөгү спецификалуу проблемаларды жарык кыла билип, жалпы баалуулуктар менен улуттук дөөлөткө жетишүүгө умтулат.

И.Бекбоевдин өзүнүн "Математика" окуу китебине математиканын касиетин алып жүргөн кыргыздын "Тогуз коргоолун" киргизип, окуу китебин улуттук калорит менен кооздоп отургандыгынын төркүнү кайдан чыгып жатканын аңдоо кыйын эмес. 1-класстан 11-класска чейин математика окуу китептерин Мамлекеттик тилде жазып чыккан И.Бекбоев улуттук өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү күчтүү өнүккөн патриот аалым. Окумуштуунун ар дайым адеп-ыйман, рухий дөөлөт, маданият аркылуу билим берүү (образование через культуры) сыяктуу педагогиканын стратегиялык маселелери жөнүндө көп ойлонуп, көп толгонуп, кээде XXI кылымдын билим берүүсүндөгү бир жактуу начар тенденциялар тууралуу кабатырланып, коомдун келечегине тынчсыздангандыгын көп байкоого болот. И.Бекбоев минтип жазат: *"Акыркы жылдарда биз негизги максаты билимдүү жана мобилдүү адамды тарбиялоого эсептелген билим берүүнү модернизациялоо боюнча иштеп келдик. Ичпеген, тамеки тартпаган, компьютерди, чет тилдерин, машина айдаганды ж.б. билген адамды тарбиялоо максатталган. Бул талашсыз, анткени мындай болбогон адам - социалдык инвалид. Бирок, мындан да кем эмес маанилүү маселе - бул адамдын ички дүйнөсүн, анын руханий деңгээлин тарбиялоо. Билим берүү программасынын мазмунунда жалаң гана прогматикалык предметтерге көбүрөөк орун берип окутуу менен өнүккөн өлкөлөрдүн деңгээлине жетип, алардан озуп да кетебиз деген бул чоң жаңылыштык. Эч убакта андай болбойт, анткени техникалык-гуманитардык тең салмактуулук деген объективдүү мыйзам бар. Ага ылайык техникалык прогресс доорунда сублимацияны жана агрессияны жок кылуунун механизмдерин иштеп чыккан улут жана цивилизация гана кыйынчылыктан чыгып жашай алат. Эзелтеден берки бүткүл тереңдиктеги дүйнөлүк маданият дал ошол мыйзамга арналган. Эгерде биз буга жеткиликтүү көңүл бурбасак, анда биз прагматикалык жана уятсыз бетбак сасыткыларды тарбиялайбыз, анан мына ошолор биздин өлкөбүздү башкарышат. Демек, акылдуу, билгич жана мобилдүү, бирок нравалык сапаттары начар адамдар мамлекет үчүн, коом үчүн коркунучтуу. Руханий сфера аныктоочу фактор экендигин биз качан түшүнөбүз?"* И.Бекбоевдин күйүп-бышып айткан бул терең маанилүү сөздөрүндө билим берүүнүн өзүнчө бир концепциясы берилген десек болот.

Окумуштуунун оюна олуттуу үңүлүп, логикасын улап айтсак, адам коомунун руханий, адептик-ыймандык өркүндөө менен коштолбогон, жалаң бухгалтерияга жана прагматикага негизделген бир жактуу технократиялык өнүгүүсү пендезатты туюкка алып келип кетпей турган коркунучтуу жол болуп эсептелет. Мораль жана руханий маданият гана коомдук прогресстин жүзүн аныктоочу күч болуп саналат. Демек, адеп-ахлак кризисинин шартында биздин бүгүнкү билим берүү концепциябыз жана реформабыз билимдүүлүк менен нравалуулукту, техника менен рухту, маалыматтуулук менен ыйманды, жалпы адамзаттык маданияттын улуу нарктары менен улуттун рух кенчтерин айкалыштыруу философиясына негизделиши аба менен суудай зарыл.

Кыргыз цивилизациясынын жаркын келечеги ушул башталмалардын бири-бири менен болгон гармониясына байланышат. *"Адептүүлүктүн принциптери жана боорукерчиликтүү практикалык аракеттер гана кудайын таанybаган, чегинен ашкан рационализмди ооздуктай алат"* (И.Бекбоев).

Демек, ушул ой-идеялардын бардыгы Исак Бекбоевдин методиканын кууш алкагындагы гана адис, илим бийиктигинде туруп, коомдун, цивилизациянын, улуттун болочогу жөнүндө толгонгон, стратегиялык ой жүгүртүүгө эгедер, диапазону кеңири педагог-аалым экендигин ырастайт.

**Адабияттар:**

1. Абдиев А., Рысбаев С., И.Б. Бекбоев-мугалимдердин мугалими, окумуштуу методисттер, аспиранттар жана мугалимдер үчүн. Б: "Гүлчынар", 2008-160 б.

2. Абдиев А.А. "Основатель научной школы методистов-математиков в Кыргызстане"

3. Мамбетакунов Э., Байсалов Д. "И.Б.Бекбоевдин илимий педагогикалык портреттери", И.Б.Бекбоев - мугалимдердин мугалими. Окумуштуу-методисттер, аспиранттар жана мугалимдер үчүн. түз. С. Рысбаев, А.Абдиев. "Гүлчынар", 2008-ж

4. Муратов А. "Агай" / Кут билим.-2001-ж, 23-март.